DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Кайнаева Ж.А., Шабданова Н.К.*

# ТАЛАС ӨРӨӨНҮНДӨГҮ КЕМИРҮҮЧҮЛӨРДҮН ТҮРДҮК КУРАМЫ

*Кайнаева Ж.А., Шабданова Н.К.*

# СОСТАВ ГРЫЗУНОВ ТАЛАССКОЙ ДОЛИНЫ

*Zh.A. Kainaeva, N.K. Shabdanova*

# RODENT COMPOSITION OF TALAS VALLEY

*УДК: 59.28.685.*

*Биологиялык көз караш менен караганда, жаныбарлар ар кандай түрлөрдөн турушат. Ар бири илимий атка ээ болуп, өсүп, өнүгүп, тукум калтырып жашоо үчүн күрөшүшөт. Кемирүүчүлөрдү биз адамдардын жашоо-тиричилигинде зыян келтирүүчүлөр жана ар түрдүү ооруу таркатуучулар катары билебиз. Ошондуктан аларды жок кылуу иш аракеттерин жүргүзүп келебиз. Бирок тирүү организмдердин ичинен негизги орунду ээлейт. Эгер, жаратылыштын бир негизги тармагынын түрлөрү жок болуп кетсе, анда биоценоз дагы өзгөрүүгө дуушар болуп, пайдасыз жагына өзгөрүп кетет. Мисалы: кемирүүчүлөр азайып жок болуп кетишсе, жырткыч жаныбарлар да өзүнөн-өзү жок болуп кетишет. Ошондуктан кемирүүчүлөрсүз жырткычтардын өсүп-өнүгүүлөрү бузулуп, биоценоздо өзгөрүүлөр жүрөт. Чынында эле, кемирүүчүлөрдүн ордун эч кандай жандык толтура албайт; аларсыз экосистеманын туруктуу өсүшү сакталбайт.*

***Негизги сөздөр:*** *түр, тукум, отряд, кемирүүчүлөр, жандык, биоценоз, экоситема.*

*С биологической точки зрения животные бывают разных видов. Каждый из них имеет научное название, отличается размерами, средой обитания и борется за существование, продолжение вида. Известно, что в жизни людей грызуны как вредители и распространители разнообразных болезней. Поэтому мы проводим действия по их устранению. Но среди живых организмов они занимают основное место. Но грызуны исполняют свои функции в природе, ихние исчезновение будут подвергаться изменением биоценоза, т.е. исчезнут хищные животные. Таким образом нарушится цепочка развитие живой природы. Также, место грызунов не может заполнить ни одно существо без них экосистема устойчива рост не сохраняется. Действительно, ни одно живое существо не может заменить грызунов, без них не сохраняется устойчивый рост экосистемы.*

***Ключевые слова:*** *вид, семейство, отряд, грызуны, существо, биоценоз, экосистема.*

*From a biological point of view, there are different types of animals. Each of them has scientific name, differs in size, habitat, and struggles for existence, continuation of the view. It is known that in the life of people rodents as pests and distributors a variety of diseases. Therefore, we are taking actions to eliminate them. But among the living they occupy the main place of organisms. But rodents perform theirs extinction will be subject to changes in the biogenesis, i.e predatory animals will disappear. So this will disrupt the chain of development of wildlife. Also, the place of rodent can not if no creature is sustainable without them, growth is not preserved. Indeed, neither one living thing cannot replace rodents. Without them, sustainable growth is not preserved. Indeed, neither one living thing cannot replace rodents. Without them, sustainable growth is not maintained ecosystems.*

***Key words:*** *species, family, order, rodents, creature, biocenosis, ecosystem.*

Талас өрөөнүндөгү тоолор 4000-4500 мге чейин көтөрүлүп, өрөөндөрдүн таманына салыштырганда 2000-3000 м жогору жатат. Алардын көпчүлүк бөлүгү тик беттүү, жалама золу, кырлары миздүү, шиш чокулуу өрөөндүн географиялык негизин аны түштүгүнөн курчаган Талас Ала-Тоосу жана түндүгүндөгү Кыргыз Ала-Тоосу түзөт. Кыргыз Ала-Тоосу Талас Ала-Тоосунан Корумду бели аркылуу. Талас өрөөнүнө караган түштүк капталы жазы келип Үч Кошой, Калба, Беш-Таш, Үрмарал, Кара-Буура, Күмүштак, Күркүрө деген кууш капчыгайлар менен тилмеленген, Түндүк-батыш бөлүгүнөн түндүктү жана түндүк чыгышты карай Эчкили тоосу созулуп жатат. Өрөөндүн түндүк тарабын кыска жана тик Ала-Тоосунун батыш учу тиреп турат. Орточо бийиктиги 3600 м. Талас өрөөнү мелүүн климаттык алкакта жатат. Климаты континенталдуу, кургакчыл, жыл мезгили кескин айырмаланып турат: жай ысык, жаз, күз нымдуу, кыш суук келет. Жылдын орточо температурасы кышында О °С +5 °С, жайында+18 °С +25 °С.

Кемирүүчүлөр түркүмү сүт эмүүчүлөр классынын ичинен саны жагынан да, түрдүк составы боюнча да эң ири түркүм. Кемирүүчүлөр-түркүмү сүт эмүүчүлөр классынын ичинен сан жагынан да, түрдүк курамы боюнча да эн ири түркүн. Катуу өсүмдүк тамак

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



азыктарды жеш үчүн ылайыкташкан өзгөчөлөнгөн тиштеринин болушу буларды бир топко бириктирет. Өнүккөн алдыңкы ийилген тиштери жашоосунун аягына чейин өсүп, өзү курчуп турат. Кылкыйма тиштери болбойт. Алдыңкы тиш менен азуу тиштин ортосунда чон аралык бар.

Кемирүүчүлөр көпчүлүгү майда жандыктар – жалпы узундугу 5 см$^{-1}$ мге чейин жетет.

Адамзат үчүн кемирүүчүлөрдүн ролу чоң. Алар зыяндуу болобу, пайдалуубу, түрдүн сакталышы маанилүү. Себеби азык тизмегинде белгилүү бир деңгээлди ээлеп, башка организмдердин жашоосунун үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылып, экосистеманын туруктуулугунун сакталышына өбөлгө түзөт. Адамзат айыл-чарба иштерин туура эмес жүргүзүп, айдоо аянттары кеңейип, табигый токой, талаа комплекстери азайып, уулу химикаттарды көзөмөлсүз колдонуунун натыйжасында азыркы учурда Талас өрөөнүндөгү кемирүүчүлөрдүн кээ бир түрлөрүнүн саны азаюууда. Жок болгон кемирүүчүлөрдүн ордун башка организмдердикиндей эле эч ким толуктай албайт.

1995-жылы чыккан «Талас облусу» энциклопедиясындагы Э.Д. Шүкүровдун статистикалык маалыматы боюнча Талас өрөөнүнүн орто бийик жана бийик тоолуу комплекстеринде Кызыл суур (Marmota caudata), бүтүн көз момолой (Ellobius), кыр чеке момолой (Migrobus gregalis), үй чычканы (Mus musculis), токой чычканы (Apodemus sulvaticus), сур аламан (Cricetulus), Тяншань сары чычканы (Spermaphilus), кармүштөк (Hystrix indica) айдоо жерлерде, айылдарда, бакчаларда кичине кош аяк (Allactaga elloter), чоң кош аяк (Allactaga jaculus), кум чычкан (Meriones tamariscinus) жолукканы көрсөтүлөт. Бирок акыркы күндө бул жаныбарларды ушул аймактарда жолуктуруу кыйын.

Тоо токойлорунда жана жайылма токойлорунда токой барак куйругу (Driomuc nitedula), токой момолою (Clethrionomys centrales), корум момолою (Alticola argentatus), кыргыз момолою (Microtus kirgisorum) кездешет.

Чычкан сымал кемирүүчү жаныбарлар тукуму Семейство Ложнотушканчиковые. (Allactagidae). Кичине кош аяк. Малый тушканчик (Allactaga elater).

Кош аяктар бири биринен көлөмдөрү менен айырмаланышат, Чоң кош аяктын денесинин узундугу 20, куйругу 25 см. Арткы буттары алдынкы буттарынан узунураак. Алар секирип жүрүшөт. Куйругу узун, тен салмактуулукту сактаганга жардам берет. Челдүү, жарым чөлдүү дың жерлерде кездешет. Азыр кош аяктын жок болуп бараткандын себеби адам баласы айдоо аянттарын кеңейтип, айыл-чарба малдарынын баш-аламан жайылышы, табигый талаа комплекстери азайып бара жатканына байланыштуу.

Аламандар тукуму. Семейство Хомяковые (Cricetidae).

Талаа момолою. Общественная полевка (Microtus sociales).

Сырткы түсү кара-боз, куйругу агыш келет. Алар жарым чөлдүү дың жерлерде, дарыя, көлмөлөрдүн жээктеринде таралган. Талаа момолою топ-топ болуп жүрүшөт. Бир жылда 4-5 жолу көбөйүшөт. Бул түр антропогендак факторлун таасири алдында жашаган чөйрөсүнүн кыскарышына байланыштуу азайууда.

Аламандар тукуму. Семейство Хомяковые (Grcetidae).

Сур аламан. Серый хомиячок (Cricetulus migerratorrius).

Денесинин узундугу 10-12 см. Куйругу кыска жону бозомук, курсак тарабы агыш. Сур аламан кемирүүчүлөрдүн ичинен көрктүүсү. Чөлдөрдө, талааларда, адамдын жанында жашашат. Азык затгы көп камдап ар кандай жагымсыз шарттардан чыга алат. Бир жылда 2-3 жолу төлдөп, 7-9 чейин балдарын тууйт.

Аламандын тукуму. Семейство Хояковые (Cricetidae).

Токой момлою. Тяньшаньская лесная полевка (Clethrionomus frater).

Момолойлор чычкандардын кыска куйругу менен, аламанчыктардан куйругундагы шакекчелери менен айырмаланышат. Токой момолоюнун денесинин узундугу 10-12 см, куйругу 5 см кулагы кичинекей күрөң саргыч түстөгү жүндүн астында байкалбай калат. Тоолуу токойлордо кездешет.

Аламандын тукуму. Семейство Хомяковые (Grcetidae)

Корум момолою. Сербритая лолевка (Aiticola roylei).

1000 мден өйдө бийик тоолордо таралган. Жүнү күмүш сымал өңдө. Бир жыдда эки жолу көбөйөт. Балдарынын саны 4-6 чейин. Жүндөн, чөптөн жасаган уяларын таштардын арасына салышат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Аламандар тукуму. Семейство Хомяковые (Grcetidae)

Кыр чеке момолою. Узкочерепная полевка (Microtus gregales)

Кыр чеке момолою топ-топ менен жашашып, жол боюнда жүрүшөт. Денесинин узундугу 10см. жалпы түсү күрөң-боз. Куйругунун үстү боз, асты ак. Ылдам көбөйүп, чоң колония түзүп жашашат. Башка кемирүүчүлөр жашай албаган тоонун, токойдун суук, туруксуз температуралуу аймактарында тараган. Түлкү, мадыл, куштардын негизги жеми.

Аламандар тукуму. Семейство Хомяковые (Grcetidae).

Кыргыз момолою. Киргизская полевка (Microtus kirgisorum).

Тоо этектеринде, бөксө тоолордо, талааларда, бакчаларда, суу жээктерде топ-топ болуп кездешет. Кыш мезгилинде чөп үймөктөрүндө ондон топтошуп кышташат. Бир жылда 2-3 жолу төлдөйт, ар бир тедде 4-5 бала тууйт.

Аламандар тукуму. Семейство Хомяковые (Grcetidae).

Обыкновенная слепушонка. Сокур момолой (Ellobus talpinus).

Жердин асгында жашаганына байланыштуу куйругу, кулагы кичинекей, алдыңкы бутары күчтүү, кыска, тырмактуу, кемирүүчү тиштери сыртынан чыгып турат. Өсүмдүктөрдүн тамыры менен азыктанышат.

Тыйын чычкан сымал тукуму. Семейство Бельичи ( Sciuridae).

Кызыл суур. Красный сурок (Marmota caudate).

Денесинин узундугу 40-45 см. Кызыл суур тегиз саргыч түстө. Бийик тоолордо 1500-3000 м, бийиктикке чейин таралган. Топ-топ болуп жашашат. Апрель - август айларына чейин активдүү, калган мезгилде чээнине кирип кетет. Суурлардын жашоо тиричилиги тоолуу ландшафтар үчүн ар кандай таасирлерин тийгизет. Бир жагынан топуракты аэрациялап, экинчи жагынан массалык түрдө көбөйсө жайыттарды бузат.

Чума оорусун таратуучулар болушат, жүнү промыселдик мааниге ээ. Карышкыр, түлкү, чөө жана башка жырткычтардын азыгы болуп эсептелет. Талас өрөөнүндөгү орто жана бийик тоолордо жашаган суурлардын саны жыл сайын өсүүдө.

Тыйын чычкан сымалдар тукуму. Семейство Бельичи. (Sciuridae).

Тяньшань сары чычканы. Тяншанский суслик (Spermophulus relictus).

Тоолордо, тоо этектеринин таштуу жерлеринде 1500-2000 м бийиктикте кездешишет. Дененсинин узундугу 20 см, куйругу 5-8 см. Жүнү кыска, кызгылт күрөң, курсагы боз. Топ-топ болуп жашашат. Жайдын ысык мегилинде 5-7 күнгө уланган чээнге түшүшөт. Азыктанганга таңкы маал жана күүгүмдө чыгат, күндүз ийининде жүрөт. Өсүмдүктөр менен азыктанышат.

Чычкан сымалдар тукуму. Семейство Мышиные (Muridae).

Үй чычканы. Домовая мышь. (Mus muscuius).

Токой чычканы. Лесная мышь (Apodemus sylvaticus).

Үй чычканы кенири тараган. Адам баласыньш үйүнүн тегерегинде жашайт. Жашоо мүнөзүнө байланыштуу куйругу узун, сезүү органдары жакшы өрчүгөн (көздөрү, кулактары чоң). Жалпы түстөрү бозомук, саргыч. Токой чычканынан айырмаланып үстүнкү кемирүүчү тиштеринин артында кичине тиштери бар.

Кум чычкан сымалдар тукуму. Семейство Песчанковые (Gerbillidae)

Тамарисковая песчанка. Кум чычкан (Meriones tamariscinus)

Денесинин узундугу 180 мм, курсагы ак, жону кызгылтым кум өңдө. Куйругунун алды ак, үстү күнүртүрөөк. Тамариск бадалдын жанынан кум чычкандын уяларын көрсө болот. Жарым чөлдөрдө таралган.

Барак куйруктар тукуму. Семейство Соневые (Giridae).

Токой барак куйругу. Лесная соня (Dryomus nutedula).

Денесинин узундугу 10 см, куйругу узун, борпон, саргыч түстө.

Эки көзүнүн ортосунда кара тилкеси бар. Жашоосунун көпчүлүгүн дарактарда өткөзөт. Жайкы уясын да бакка салат, өмүрүнүн көп убактысын уйкуда өткөзөт. Бул жалкоолук эмес, жашоо үчүн күрөш.

Кармүштөк сымалдар тукуму. Семейство Дикобразовые (Histrigidae).

Кармүштөк. Индийский дикобраз (Histricidae).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Денесинин узундугу 90 см, салмагы 15 кг Сырткы түзүлүшү боюнча кирпилерге окшош, бирок ийнелери узун 30 смге чейин. Ак-кара түстөгү калың ийнелеринин арасында узунураак ичке, бир түстөгү ийнелери жайгашкан. Көкүрөгүндө ак сызыгы бар. Жашоо тиричилиги түнкүсүн башталат. Сейрек кездешет.

Жыйынтыктыгында кемирүүчүлөр адамзат үчүн промыселдик, дарылоочу касиеттерге ээ. Тирүү организмдердин биологиялык ар түрдүүлүгү сакталыш үчүн кемирүүчүлөрдүн түрдүк составын сакташыбыз керек.

Азыркы жана келечектеги муундардын кызыкчылыгы учун, жаныбарлар дуйносун коргоо жана илимий негизде туура пайдалануу керек.

Тоолуу жерлерде бир нече коруктар уюштурулганын билебиз, ал эми жарым чөлдүү өрөөндөрдө бирдагы корук жок. Чөлдө жашаган өсүмдүктөр жана жаныбарлар өзүлөрүнүн өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турушат. Дың жерлерди пайдалануунун натыйжасында ысык жерлерде жашаган жаныбарлар тез жок болуп кетүүдө. Ошондуктан, бул жерлерде да коруктарды уюштуруу керек.

**Адабияттар:**


1. Токтосунов А.Т., Токтосунов Т.А. «Азайып, жок болуп бара жаткан жаныбарлардын генофондусунун өзгөчөлүктөрү». - Б., 2002.
2. Шукуров Э.Д. «Дикие млекопитающие Киргизии». - Ф.: «Мектеп», 1989.
3. Энциклопедия. Талас облусу.
4. Токтосунов А.Т. Грызуны Киргизии. - Фрунзе, 1958.
5. Токтосунов А.Т. Экологические основы высокогорной адаптации позвоночных Тянь-Шаня. - Ленинград, 1984.